**“КЫРГЫЗСТАН ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ” КООМДУК БИРИКМЕСИ**
**“ИНСАН” БИЛИМ БЕРҮҮ КОМПЛЕКСИ” МЕКЕМЕСИ**

# МААЛЫМ КАТ

## УРМАТТУУ КЕСИПТЕШТЕР!

Сиздерди «***Кыргызстанда окуучу-жаштарды “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” уңгу жолу баалуулуктарынын негизинде тарбиялоонун актуалдуу маселелери жана өнүктүрүү багыттары***» аттуу **онлайн форматтагы** эл аралык илимий-практикалык конференцияга катышууга чакырабыз.

Конференциянын негизги максаты — окуучу-жаштарды улуттук руханий-адептик, маданий, жарандык жана мекенчилдик баалуулуктардын негизинде тарбиялоонун актуалдуу маселелерин илимий-практикалык деңгээлде талкуулоо, ошондой эле «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгу жолу идеясынын билим берүү жана тарбия системасындагы ордун аныктоо болуп саналат.

Конференцияга илимий кызматкерлер, жогорку жана атайын орто кесиптик билим берүүчү окуу жайлардын окутуучулары, мектеп мугалимдери, аспиранттар, докторанттар, магистранттар катыша алат.

Баяндамалар кыргыз, орус, түрк жана англис тилдеринде кабыл алынат.

## <u>УЮШТУРУУЧУ:</u>

- «Кыргызстан педагогикалык илимдер академиясы» коомдук бирикмеси (КПИА)

## СЕКЦИЯЛАР:

1. «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу окуучу-жаштарды улуттук нарктардын негизинде өнүктүрүүнүн негизи катары
2. Кыргыз эл педагогикасы жана “Уңгужол” баалуулуктары
3. “Уңгужол” баалуулуктарын 12 –жылдык предметтик билим берүү программаларынын мазмунуна интеграциялоонун проблемалары
4. “Уңгужол” баалуулуктарынын негизинде үй-бүлө, мектеп жана коомчулуктун тарбиялык кызматташтыгы
5. Санарип доорунда улуттук иденттүүлүктү сактоо жана өнүктүрүү
6. Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу баалуулуктарын жүзөгө ашыруу багытында мугалимдин компетенттүүлүгүн өнүктүрүү.

## МААНИЛҮҮ ДАТАЛАР:

Макалалардын тезисин жөнөтүүнүн акыркы күнү: 15.06.2026
- Макалалардын толук текстин жөнөтүүнүн акыркы күнү: 15.07.2026
- Конференциянын программасынын жарыяланышы: 20.06.2026
- Конференция өтө турган күн: 26.06.2026

**“КЫРГЫЗСТАН ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ” КООМДУК БИРИКМЕСИ**
**“ИНСАН” БИЛИМ БЕРҮҮ КОМПЛЕКСИ” МЕКЕМЕСИ**

# УЮШТУРУУ ТОБУ

**Уюштуруу комитетинин төрагасы:**

- П.и.д. профессор Акматали Алимбеков – «Кыргызстан педагогикалык илимдер академиясы» коомдук бирикмесинин президенти (КПИА)
- Гапыр Мадаминов - Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими, педагогика илимдеринин кандидаты

## КАТЫШУУ ФОРМАСЫ:

Конференция 2026-жылдын 26-июнунда **онлайн форматта** өткөрүлөт. Шилтемеси конференциянын программасында берилет.
Конференцияга сунуштала турган тезистер жана макаланын толук тексти кыргыз, орус, түрк же англис тилдеринин биринде 30_07_96_kg@mail.ru электрондук дарегине жөнөтүүгө болот.

## КАТЫШУУ ШАРТТАРЫ:

- Конференцияга катышуу үчүн сунула турган докладдын тезисин 30_07_96_kg@mail.ru электрондук дарегине 2026-жылдын 15-июнуна чейин жөнөтүшүңүз керек.
- Тезистерди баалоо процесси орточо 2-3 күнгө созулат. Жөнөтүлгөн тезис рецензенттер тарабынан кабыл алынган учурда, сизге кат жөнөтүлөт.
- Кабыл алынгандыгы тууралуу катты алгандан кийин, катышуу акысын 2026-жылдын 20-июнуна чейин (996709030161 М Банк) эсеп номерине төлөп, квитанцияны конференциянын электрондук дарегине жөнөтүңүз.
- Кабыл алынган тезистер «Тезистер китебинде» электрондук форматта жарыяланат. Жөнөтүлгөн толук тексттер (макалалар) «Конференция материалдарынын жыйнагында» китеп түрүндө жарыяланат. Илимий журналда макала түрүндө жарыялагыңыз келсе «Известия ВУЗов Кыргызстана», «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана» журналдарына кайрылууга болот.

## КАТЫШУУ АКЫСЫ:

Катышуу акысы – 1000 сом

**Эскертүү**: Докладдын кабыл алынгандыгы тууралуу кат алган учурда 2026-жылдын 20-июнуна чейин төлөмүңүздү төлөп, квитанцияны электрондук почта аркылуу жөнөтүү зарыл.

**Эскертүү!**
Конференцияга катышуу үчүн төлөмдү жүргүзүүдө:
* Атыңыз жана фамилияңыз толук жазылып, конференциянын темасы так белгилениши керек.
* Төлөм жүргүзүлгөндүгү тууралуу маалыматты жана квитанцияны электрондук түрдө 30_07_96_kg@mail.ru электрондук почтабызга жөнөтүңүз.

**“КЫРГЫЗСТАН ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ” КООМДУК БИРИКМЕСИ**
**“ИНСАН” БИЛИМ БЕРҮҮ КОМПЛЕКСИ” МЕКЕМЕСИ**

## Тезистин жөнөтүлүшү

Конференцияга сунуштала турган тезистерди кыргыз, түрк, орус же англис тилдеринин биринде жөнөтүүгө болот. Тезис жана Толук тексттер китеби электрондук форматта даярдалат. Конференцияга жөнөтүлө турган бардык тезистер төмөндөгү форматта даярдалышы шарт.

**Жазуу эрежелери**

Конференцияга жөнөтүлгөн баяндамалардын тезистери эң көп 200 сөздөн туруусу керек. Microsoft Word, Times New Roman, 12, бирдик сап аралыгында, эки тарапка тегизделген.

Кагаз бетинин четки талаалары: сол тараптан - 3 см; оң, жогорку, төмөнкү тараптан – 2 см, абзацтык кириш – 1,25 см. Тезистин темасы кагаз бетинин ортосунда баш тамгалар менен жазылат. Автор (-лор)дун аты-жөнү теманын астында 1 сап боштук ташталып, ортого жазылат жана тийиштүү болгон мекеменин аталышы, электрондук адреси, ORCID номери да белгиленет.

## Толук тексттин (макала) жөнөтүлүшү

Баяндамалардын толук тексттери талап кылынган жазуу эрежелерине ылайык даярдалып жөнөтүлүүсү шарт. Эрежеге ылайык даярдалбаган толук тексттер кароого алынбай тургандыгын эскертебиз.

**Жазуу эрежелери**

Толук тексттер Microsoft Word форматында, Times New Roman, 11, бирдик сап аралыгында, эки тарапка тегизделип жазылат.
Кагаз бетинин четки талаалары: сол тараптан - 3 см; оң, жогорку, төмөнкү тараптан – 2 см. Толук текст кеминде 5 беттен турушу керек.
*Биринчи бетте:*

- макаланын темасы, ортодо (Times New Roman, 12, калың) баш тамгалар менен;
- 3 сап төмөндө, автордун аты-жөнү (Times New Roman, 11, калың);
- 1 сап төмөндө, университет/мекеме, автордун аты-жөнү астында (Times New Roman, 11);
- автордун электрондук дареги;
- 2 сап төмөндө , макаланын аннотация (200 сөз) жана 5 негизги сөз (Times New Roman, 11). Тезис калың. Ачкыч сөздөр темасы калың, курсив менен, ачкыч сөздөр болсо курсив менен жазылат.
- 1 сап төмөндө макала тексти (Times New Roman, 11, бирдик сап аралыгында, 1,25 абзацтык кириш).

Цитата келтирүү жана адабияттар тизмеси APA (American Psychological Association) 7 стилине ылайык жазылышы керек.